**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**

**Акад. Дж. АЛЫШБАЕВ атындагы ЭКОНОМИКА ИНСТИТУТУ**

**Д.08.13.004 Диссертациялык кеңешме**

Кол жазма укугу

**УДК:339.92(575.2) (043.3)**

**Билал Челик**

# КЫРГЫЗСТАН МЕНЕН ТУРКИЯНЫН СООДА-ЭКОНОМИКАЛЫК МАМИЛЕЛЕРИНИН ӨСҮП-ӨНҮГҮҮСҮ

Адистиги 08.00.01 – экономикалык теория

Экономикалык илимдин кандидаттык
даражасы үчүн илимий изилдөө
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек 2014**

**Диссертациялык иш Бишкек гуманитардык университетинин «Экономика» кафедрасында аткарылды**

**Илимий жетекчи:** экономика илиминин доктору, профессор **Идинов Кубанычбек Идинович**

**Расмий оппоненттер:** экономика илиминин доктору, профессор **Кочербаева Айнура Анатольевна**

экономика илиминин кандидаты **Байсова К.Т.**

**Жетекчи уюм:** Кыргыз Экономикалык Университети, экономикалык теория жана дүйнөлүк экономика кафедрасы, Дареги: Бишкек шаары, Тоголок Молдо көчөсү 58.

Экономикалык илимдин кандидаттык даражасы үчүн илимий ишти коргоо Кыргыз Республикасынын акад. Дж. Алышбаев атындагы Улуттук илимдер академиясынын Экономика институтунун Д.08.13.004 диссертациялык кеңешмесинде 720071, Бишкек ш. Чүй проспектисинде 265 а, диссертациялык залда (1-кабатта) 2014-жылдын 24-декабрында саат 16-00 дө болот.

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын улуттук академиясынын Борбордук илимий китепканасында720071, Бишкек ш., Чүй пр. 265а. дареги боюнча таанышса болот.

Автореферат 2014-ж. 21-ноябрында жөнөтүлдү.

Д.08.13.004 диссертациялык кеңешменин окумуштуу катчысы экономика илиминин доктору С.Е. Савина



## ИЛИМИЙ ИШКЕ ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Дүйнөлүк чарбанын XX-XXI кылымдарындагы көрүнүктүү бирден - бир өзгөчөлүктөрү болуп, эл аралык экономикалык байланыштардын интенсивдүү өсүп-өнүгүүсү эсептелет. Глобализация процесси өлкөлөр аралык экономикалык группировкаларынын, фирмалардын, уюмдардын экономикалык байланыштарынын өсүп-өнүгүүсүнүн тереңдөөсү менен коштолот. Бул процесстер эл аралык эмгектин бөлүштүрүлүшүндө, чарбалык иштин интеграциясында жана интернационалдырылышында, улуттук экономиканын ачыктыгы күчүнө кирип терендегенде, алардын бири – бирин толуктаганда, жакындаганда чырмалышканда, эл аралык регионалдык түзүмдөр бекемделгенде жүзөгө ашат.

Заманбап эл аралык экономикалык мамилелеринин өсүп-өнүгүүсүнүн көйгөйү экономикалык көз карандысыздыкка, өлкөлөрдөгү улуттук чарбалардын бекемдешинен, дүйнөлүк чарбанын интеграциялануусуна, улуттук экономиканын ачыктыгына, эл аралык эмгектин бөлүштүрүлүшүнүн тереңделишине байланыштуу. Азыркы учурда бүткүл дүйнөлүк чарба жаңы негизде түзүлүп, дүйнөдөгү басымдуу көп өлкөлөрдү өзүнө камтуусу ачык айкын болууда .

Дүйнөлүк чарбанын жаралышы, өсүп-өнүгүүсү менен эл аралык экономикалык байланыштар глобалдык мүнөзгө ээ болуу менен бирге тереңдөөдө жана кеңейтилүүдө.Ушундан улам өлкөлөр аралык глобалдык байланыштар дүйнөлүк экономикалык тарыхтын алгачкы этаптарындагыдай жеке тышкы соода байланыштары менен жыйынтыкталбайт. Экономикалык жактан бири–бирине болгон көз карандуулук барган сайын ар тараптуу болуп, эл аралык байланыштары үзгүлтүксүз улантылууда.

Дүйнөлүк чарбадагы орчундуу орунду өткөөл экономиканы башынан кечирип жаткан өлкөлөргө өзгөчө таасир берип келген жана берип жаткан Туркия Республикасы ээлейт. Бул тышкы экономикалык жана соода саясатынын орчундуу кайра - куруусун жүргүзүп жаткан жана дүйнөлүк чарбага активдүү кирип жаткан Кыргыз Республикасына таандык.Ошол себептен Туркия менен Кыргызстандын эл аралык экономикалык байланыштарынын заманбап абалын, тарыхын жана бул мамиледеги көйгөйлүү маселелерди таап чыгуу жана чечүү абзел. Ар бир өлкөнүн өздөрүнүн кызыкчылыктары бар. Түрция - өздөрүнүн тиричилик рыногундагы товарларын кеңейтүүнү максат кылса, ал эми Кыргызстан улуттук экономиканы реформалоодо тажрыйбаларды колдоону менен экономиканын туруктуу өнүгүүсү үчүн инвестицияларды тартууну көздөп келет.

Эки өлкөнүн өз ара шериктештигинин кызыкчылыктарынын дал келиши жаңы ыкмаларды жана өздүк баалоону талап кылган Туркия менен Кыргызстандын соода-экономикалык байланыштарынын өсүп-өнүгүүсүнөтүрткү берди. Ушунусу менен изилдөө ишинин актуалдуулугу түшүндүрүлөт.

Өлкөлөрдүн соода-экономикалык шериктештиктерин изилдөөдө теоретикалык-методологиялык базасын А.Смиттин, Д.Рикардонун, Д.Миллдин, Г.Хаберлердин, Б.Олиндин, Э.Хекшердин, П.Самуэльсондун, В.Леонтьевдин, Дж.Кейнстин, М.Портердин, Т.Рыбчинскийдин ж.б. классикалык окумуштуу экономисттердин эмгектери түзгөн.

Илимий изилдөөдө автор түрк, кыргыз жана чет элдик окумуштуулардын: Е.Ф.Авдокушиндин, О.Т.Богомоловдун, В.К.Ломакиндин, И.П. Фаминскийдин, С.Илькиндин, Р. Карлуктун, Т. Айдындын, Ю. Энгинсойдун, Г. Казгандын, Т.К. Койчуевдин, Ш.М Мусакожоевдин, К.И. Идиновдун, Н.С.Аттокурованын ж.б. эмгектерине таянган.

**Илимий изилдөө ишинин темасынын негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациялык иш К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин «Экономика» кафедрасынын илимий изилдөө иштеринин негизинде «Өткөөл мезгилдеги Кыргызстандын социалдык-экономикалык өсүп-өнүгүүсү» темасынын «Ачык экономика жана тышкы соода» бөлүмү боюнча аткарылды.

**Диссертациялык иштин максаты** Кыргызстан менен Туркиянын ортосундагы экономикалык шериктештиктин мындан аркы өнүгүшүнүн негизги багыттарын аныктоо үчүн системалык анализ жүргүзүү эсептелет.

**Максатка жетүү үчүн илимий иште кийинки тапшырмаларды аткаруу сунушталат:**

- тышкы экономикалык байланыштарды мүнөздөгөн категорияларды изилдөө;
- Кыргызстан менен Туркиянын ресурстук-экономикалык жана тышкы соода потенциалдарын анализдөө;
- Туркия менен Кыргызстандын шериктештиктерин өнүктүрүүдө экономикалык жана уюмдук-укуктук жаралууларын тактоо;
- Туркия менен Кыргызстандын экономикалык байланыштарынын өнүктүрүүсүндө маанилүү болгон факторлорду системалоо;
- Туркия менен Кыргызстандын экономикалык шериктештигинин негизги багыттарын анализдөө;
- өлкөлөр ортосундагы соода-экономикалык мамилеринин өсүп-өнүгүүсүндөгү заманбап тенденцияларды, көйгөйлөрдү, кыйынчылыктарды иргеп чыгып,топ-топко бөлүү;
- Туркия менен Кыргызстандын соода-экономикалык байланышынын өсүп-өнүгүүсүндөгү негизги приоритеттерди жана келечегин аныктоо.

**Илимий изилдөө ишинин жаңылыгы көйгөйлөрдүн түзүмүнөн куралып, төмөнкүлөрдөн турат:**

- дүйнөлүк экономиканын глобализациялоо шартында тышкы экономикалык факторлордун системасы аныкталды;
- өткөөл экономикадагы, экономикалык шериктештиктин активдүүлүгүн аныктаган жалпы мыйзам ченемдүү шарттар түзүлдү;
- өткөөл мезгилдеги соода-экономикалык байланыштарын жүргүзүү механизми такталды;



- Туркия менен Кыргызстандын ортосундагы соода экономикалык байланыштарынын өнүгүүсүнүн маанилүүлүгүн аныктаган факторлору системаланды;
- Туркия менен Кыргызстандын ортосундагы экономикалык мамилелердин өсүп-өнүгүүсүндөгү негизги көйгөйлөр менен тенденциялар ачыкка чыгарылды;
- Өнөктөш өлкөлөрдүн соода-экономикалык байланыштарынын андан-ары өнүктүрүүдөгү негизиги багыттары такталды.

**Алынган жыйынтыктардын тажрыйбалык маанилүүлүгү.** Алынган жыйынтыктар Туркия менен Кыргызстандын соода-экономикалык байланыштарынын өнүгүүсүнүн мүнөзүн ачыктап, заманбап шартта өз ара экономикалык кызыкчылыктарды жүзөөгө ашырууда мүмкүнчүлүктөрдү түзүү үчүн бул көйгөйлөрдүн маанилүүлүгүн айкындап берет. Ошол себептен алынган жыйынтыктар Туркия менен Кыргызстандын ортосундагы соода-экономикалык шериктештигин чындоо боюнча иш-чараларды иштеп чыгууда Кыргыз Республикасынын экономика министирлигинин жана ТИКА, Түрк Республикасынын ишмердигинде жана жогорку окуу жайларында колдонулушу мүмкүн.

Илимий иштин теориялык абалдары «Тышкы соода» жана «Тышкы экономикалык өз ара мамилелерине арналган атайын курстарды өтүүдө колдонулушу мүмкүн.

**Илимий жыйынтыктардын экономикалык маанилүүлүгү.** Изилдөө иши теоретикалык-усулдук мүнөзгө ээ, ошол себептен анын экономикалык маанилүүлүгү ар кандай өнүгүү деңгээлине мүнөздүү өлкөлөрдүн экономикалык шериктештигинин мүнөзүн жана өзгөчөлүктөрүн аныктоодо жана тактоодо турат. Теоретикалык жана илимий-тажрыйбалык иштелмелер соода-экономикалык шериктештик жөнүндөгү теориянын өнүктүрүлүшүндө кошумча каралышы мүмкүн. Корутундулар жана сунуштар экономикалык шериктештиктин суроолору боюнча кийинки илимий иштелмелерде колдонулуп, өнөктөш-өлкөлөрдүн мамлекеттик түзүлмөлөрдө жана ишкерлер үчүн аналитикалык материал катары колдонулушу мүмкүн.

**Жактоого чыгара турган диссертациянын негизги абалдары:**

- дүйнө жүзүнүн ар кыл өлкөлөрүнүн экономикалык шериктештигиндеги көйгөйлөрдүизилдөөдөгү теоретикалык-усулдук жолдор;
- өткөөл экономикадагы экономикалык шериктештиктин активдүүлүгүнүн зарылдыгын аныктаган жалпы мыйзам ченемдүүлүктөр жана факторлор;
- өткөөл мезгилдеги тышкы экономикалык байланыштарды жүргүзүүдөгү механизмдин негизги компоненттери;
- эки тараптуу экономикалык байланыштардын өсүп-өнүгүүсүндөгү тенденциялар жана өзгөчөлүктөр;
- Туркия менен Кыргызстандын ортосундагы экономикалык байланыштардын өнүгүүсүндөгү кыйынчылыктар жана көйгөйлөр;

- Өнөктөш өлкөлөрдүн тышкы экономикалык шериктештигин жакшыртуудагы негизги багыттар.

Изилдөөчүнүн өздүк салымы. Комплекстүү изилдөө Кыргызстан менен Туркиянын соода-экономикалык байланыштарынын теориялык негиздерин жалпылашынын системалоосун шарттап, эки өлкөнүн соода-экономикалык байланыштарынын мындан ары өнүгүүсү боюнча сунуштарды иштеп чыгууга шарт түздү.

Диссертациялык иштин негизги абалы К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинде «Тышкы соода» курсу боюнча окуу-усулдук комплексин иштеп чыгууда, жана ошондой эле иллюстративдүү материалдарды презентациялоодо колдонулат.

**Ишти жыйынтыгын апробациялоо**: Диссертациялык иштин негизги мазмуну эл аралык жана республикалык илимий теоретикалык жана илимий тажрыйбалык конференцияларда баяндалган:

1. «Модернизациялоо шартында экономикалык өсүп-өнүгүүнүн стратегиясы» Эл аралык илимий-тажрыйбалык конференциясы. Бишкек ш. К. Карасаев атындагы БГУ. 2009-ж.
2. «Кыргызстандагы илимдин өсүп-өнүгүүсүнүн көйгөйлөрү жана перспективдери» Республикалык илимий-тажрыйбалык конференциясы. Бишкек ш. К. Карасаев атындагы БГУ. 2011-ж.
3. «Кыргыз Республикасынын экономикасындагы инновациялык активдүүлүктү жогорулатуудагы каржы механизми» Эл аралык илимий тажрыйбалык конференциясы. Бишкек ш. К. Карасаев атындагы БГУ. Май 2012.
4. «Заманбап экономиканын көйгөйлөрү: глобалдуу, улуттук жана регионалдык контексттер» Эл аралык илимий тажрыйбалык конференциясы. Бишкек ш. Ж.Баласагын атындагу КУУ, декабрь 2012.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын жарыяланышы.** Диссертациялык иштин негизги мазмуну тогуз илимий макалада жарыяланып, көлөмү 4,0 б.б түзгөн.

Иштин түзүлүшү жана көлөмү.Диссертациялык изилдөөнүн максатына жана тапшырмаларына ылайык келип, кириш сөздөн, үч бөлүмдөн, жыйынтыктоодон жана 166 пайдаланылган адабияттардын тизмегинен турат. Илимий иш 189 баракта жазылып, 14 таблица жана 9 сүрөттөн турат.



## ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨ ИШИНИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Кириш сөздө** илимий изилдөө ишинин актуалдуулугу, көйгөйлөрдү изилдөө деңгээли такталып, илимий иштин теориялык жана тажрыйбалык маңызы, илимий жактан жаңыртылышы жүзөгө ашып, изилдөө ишинин максаты жана алдыга койгон тапшырмалары ирээти менен түзүлдү.

Алгачкы **"Рынок экономикасынын калыптануу шартында соода экономикалык байланыштардын өсүп-өнүгүүсүн таанып билүүдөгү теориялык жолдору"** бөлүмүндө рыноктук экономиканын калыптандырылышында активдүү элемент катары каралып, соода экономикалык байланыштардын өсүп-өнүгүүсүн изилдөөдөгү теоретикалык методологиялык негиздери чагылдырылып, алардын эволюция процесстери далилденип, бул процесстеги мамлекеттин чечкиндүү орду аныкталып, экономикалык байланыштардын өсүп-өнүгүүсүнө таасирин тийгизген негизги факторлору изилденип, алардын зарылдыгы жана заманбап дүйнөдөгү глобализациялоо мүмкүнчүлүгү такталган.

Заманбап шартта, глобализация күчүнө кирип жаткан учурда бир дагы мамлекет жогорку сапаттагы эң керектүү бардык продукцияларды өз алдынча өндүрө албайт. Өндүрө алса дагы экономикалык жактан максатка татырлык эмес. Ошол себептен кошумча тейлөө рыногу менен камсыз кылып турган жана да ресурстарга кенен мүмкүнчүлүк бере алган эл аралык шериктештикке жана алмашууга кайрылууга туура келет. Бул процесс бир эле учурда органикалык жактан байланышкан интеграциялык процесстердин түз жана кыйыр көз карандылыктарынын системасында "өндүрүштө, жүгүртүү катмарында, социалдык мамилелердин чордонунда, саясий-укуктук жана институционалдык түзүмдөрдө жүзөгө ашат[1].

Соода экономикалык байланыштардын объективдүү негизи болуп дүйнөлүк чарбанын, дүйнөлүк рыноктун жана эл аралык экономикалык мамилелеринин (ЭАЭМ) түзүү процессинде чечүүчү орунга ээ болгон, эл аралык товарларды, тейлөөлөрдү, технологияларды, билимдерди, өндүрүштүк, илимий-техникалык, соода жана башка өзүнө камтыган дүйнөдөгү бардык өлкөлөрдүн ортосундагы алардын экономикалык өсүшүнүн деңгээлине жана коомдук түзүмүнөн көз каранды болбогон эл аралык эмгектин бөлүштүрүлүшү (ЭАЭБ) эсептелет.

Заманбап соода-экономикалык мамилелер өлкөлөр ортосундагы мамилелердин узак жана туруктуу болушуна шарт түзөт. Дүйнөдөгү бардык өлкөлөр үчүн эл аралык эмгектин бөлүштүрүлүшүндө катышуунун негизги мотиви болуп экономикалык пайда алууга умтулуу болуп келген жана учурда болуп жатат. Эл аралык эмгектин бөлүштүрүлүшүнүн фундаменти – ички керектөөлөрдүн материалдык жыргалчылыктарын туруктуу концентрациялоо процесси катарында соода алмашуунун пайда болушунан түзүлгөн.

Коомчулуктун ар кыл тарыхый өсүп-өнүгүүсүндө тышкы соода саясаттын ар кандай теориялары үстөмдүк кылган. Тышкы соода жөнүндөгү окуунун башталышына меркантилисттер (XI-XVII) салым кошушкан. Меркантилизм

[1]Шишков, Ю.В. Теории региональной капиталистической интеграции [Текст] / Ю.В.Шишков. – М., 2002. – 29 с.

негизинен соода буржуазиясынын кызыкчылыгын чагылдырган, себеби ошол учурда экономикалык жашоодо өлкөнүн байлыгы болуп соода, алмашуу жана акча эсептелген. Меркантилизмдин көрүнүктүү тарапчылары У. Стаффорд, Т.Ман, А.Монкретьен, А.Серра, Дж.Скаруффи жана башкалар болгон. Алар кээ бир өлкөлөр үчүн, айрыкча колониалдык территорияларды тоскоолдуктар менен чектелген метрополийлерди түзүп шарттаган протекционизм саясатын иштеп чыгышкан.

Эл аралык сооданын кийинки теорияларын меркантилизмге каршы турушкан политэкономиянын классиктери А.Смит, Д.Рикардо жана Дж.Милл түзүшкөн. Алар материалдык өндүрүштүк катмарын аныктаган экономикалык либерализмдин принциптери жана эркин соода саясатына таянышкан. А.Смит өзүнүн «Табигат жөнүндө элдердин байлыгынын себептерин изилдөө» деген китебинде (1776) абсолюттук жагымдуу жактардын теориясын түзүп, өлкөлөр эл аралык сооданын эркин өнүгүшүнө кызыкдар экенин көрсөтүп, өлкөлөрдүн экспортер же импортер экенине карабастан бул эркин соодадан утушка ээ боло ала тургандыгын көрсөтүшкөн.

А.Смиттин идеялары эл аралык сооданын басымдуу кийинки концепцияларына маанилүү теориялык базаны түптөгөн Д.Рикардонун эмгектеринде өнүктүрүлгөн. Бул окумуштуу «Политэкономиянын жана салык салуунун башталышы» деген эмгегинде абсолюттук жагымдуу жактардын принциби жалпы эрежenin бар болгону жеке кырдаалы экенин көрсөтүп, ар кандай өлкөлөрдүн өндүрүшүнүн адистештирилүүсү жана алардын ортосундагы сооданын жүргүлүзүшүн чагылдарган салыштырмалуу чыгымдардын теориясын тастыктаган[2]. Башкача айтканда, эл аралык соодада ар бир өлкө абсолюттук жагымдуу жактарына ээ болуу үчүн катышса да, катышпай да койсо болот, ал эми салыштырмалуу жагымдуу жактар болсо ар түркүн факторлордун таасирлери менен өзгөрүшү мүмкүн. Ал ар бир катышуу үчүн алмашуу пайда алып келип турган баалардын чегин аныктаган. Анын жыйынтыгында салыштырмалуу чыгымдардын теориясы салыштырмалуу жагымдуу жактардын ториясына модификацияланган. Бул теория мурдатан бери эле актуалдуу болуп келген, бирок заманбап шартта ал кошумчаланган жана модификацияланган түрдө колдонулуп келет. Тышкы соода жөнүндөгү классиктердин теориялары Г.Хаберлердин эмгегинде жайылтылган, ал эмгекти гана эмес, өндүрүштүн бардык факторлорун конкреттүү караган.

XIX кылымдын аягында эмгектин наркынын теориясы неоклассиктердин иштелмелеринен улам четтетилген. Эл аралык сооданын теориясына А.Маршалл көрүнүктүү салым кошкон. Бул теориядагы өзгөчө жиреп өтүү шведдик окумуштуу-экономисттер болгон Э.Хекшердин жана О.Бертилдин ысымдары менен тыгыз байланыштуу, себеби XX кылымдын 20-жылдарында Хекшер-Олиндин теориясы түзүлгөн. Бул окумуштуулар баалардын өндүрүштүн факторлоруна теңдештирилген теоремасын сунушташкан. Анын маңызы болуп, улуттук өндүрүштүк айырмачылыктар өндүрүштүк

[2]Bayraktutan,Y. Kocaeli Üniversitesi, İİBF, İktisat Bölümü [Text] / Y. Bayraktutan // C.Ü. İktisadi ve İdari Bilimler Dergisi. – 2003. – C.4. – S.2. – S.177-179.



факторлордун (эмгек, жер, капиталдын) ар кандай бөлүштүрүлүшүндө жана тигил же бул товарларга болгон ички керектиктердин ар түркүн болушунда.

Э.Хекшер менен Б.Олин Д.Рикардонун теориясын өркүндөтүп, өндүрүштүн ар кандай факторлорун, алардын катышын жана бири-бири менен байланыштарын баалоосунан улам тышкы соодадагы салыштырмалуу жагымдуу жактардын зарылдыгын такташкан. Факторлорду салыштырмалуу баалоо маңыздуу үч кырдаалды алдын алат:

биринчиден, катышуучу өлкөлөрдүн эл аралык алмашуусу товарларды жана тейлөөлөрдү өндүрүүдө ашыкча болгон өндүрүштүн факторлорун тышка чыгарышып, ал эми өндүрүштө таңкыс болгон кандайдыр бир факторлорду алып келүү менен түшүндүрүлөт;

экинчиден, эл аралык сооданын өнүгүүсү «фактордук» баалардын, б.а. аталган факторлордун ээлеринин киреше алууларына алып келет;

үчүнчүдөн, өндүрүштүн факторлорунун эл аралык жетишээрлик мобилдүүлүгү өлкөлөр ортосундагы товарларды экспорттоону алмаштыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ.

Хекшер-Олиндин теориясында жалпы экономикалык теңчиликти камсыз кылган баалардын теңелүү факторлору жөнүндөгү тезиси түзүлгөн. Бирок эл аралык масштабда негизги факторлордун жетишсиз интернационалдык мобилдүүлүгүнөн өндүрүштүк факторлорунун баа менен теңелиши эркин соодада бар болгону аз-аздан гана жетиши мүмкүн.[3]

Кийинчерээк 1948-жылы америкалык экономисттер П.Самуэльсон жана В.Столпер Хекшер-Олиндин теориясын тактоосун жакшыртып, эркин соода өндүрүштүк фактор менен камсыз болушун толук жакындаштырылган жана абсолюттук теңдемелерине алып келиши мүмкүн дешкен. Ошондуктан эркин соода капиталдын эркин келиши жөн гана жеке алмаштырбастан, толук алмаштырып турат[4].

Э.Хекшер, Б. Олин жана П.Самульсон кошумчалаган Д. Рикардонун моделине негизделген сооданын концепциясына соода жөн гана өз ара пайдалуу алмашуу болбостон, өлкөлөр аралык өнүгүү деңгелиндеги ажырымды кыскартканда шарт түзгөн жабдык болуп эсептелет[5]. Ошону менен катар көптөгөн адистердин эмпирикалык изилдөөлөрү айрым бир өлкөлөрдүн эл аралык соода байланыштарынын өнүгүүсү, неоклассикалык концепциялар менен дал келбегенин айкындап, андан соң «В.Льонтьевдин парадоксу» жаралган. Бул парадокс деген, Хекшер-Олиндин теоремасын колдонуу менен В.Льеонтьев согуштан кийинки америкалык экономика капиталга караганда көбүрөөк эмгекти талап кылган өндүрүштүн үч түрүнө адистештирилгендиги тууралуу көрсөткөн, б.а америкалык экспорт, импортко салыштырганда капиталга караганда эмгекти көбүрөөк талап кылган. Бул корутунду АКШнын экономикасында мурдатан бери болуп келген капиталдын ашыктыгы

[3]Фомичев, В.И. Международная торговля[Текст] / В.И.Фомичев. -М.:Инфра, 2001. –246–248 с.
[4]Самуэльсон, П. Экономикс[Текст] / П. Самуэльсон. – М.: Прогресс,1994. – 165 с.
[5]Bayraktutan,Y. Kocaeli Üniversitesi, İİBF, İktisat Bölümü [Text] / Y. Bayraktutan // C.Ü. İktisadi ve İdari Bilimler Dergisi. – 2003. – C.4. – S.2. – S.177-180.

жөнүндөгү мүнөзгө каршы чыкты. Хекшер-Олиндин теоремасына ылайык АКШ жогорку капиталдык көлөмдүү товарларды импорттобостон экспорттойт деген. Льеонтьевдин «Парадоксу» кеңири резонанс алып, салыштырмалуу жагымдуу жактардын теориясын андан ары өнүктүрүүсүн аныктаган. Ал техникалык прогресс туурасында жана анын тең эместигинде, берилип жаткан айлык маянанын ж.б. түшүнүктөрдүн өлкөлөр ортосунда айырмаланып тураарын теорияга киргизип баштаган.

Мамлекеттин экономикага кескин кийлигишүүсүн жактаган тарапчылар (Дж.Кейнс жана анын улантуучулары) өздөрүнүн «тышкы соода мультипликаторлорунун коцепцияларын» өнүктүрүшүп, өндүрүштүн факторлоруна басым кылган салыштырмалуу жагымдуу жактардын теориясына таяныпкан[6] Ушундан улам, тышкы соода балансынын оң тараптуу сальдосунун өсүүсү (кейнсианчылардын түшүнүктөрү боюнча чарбалык коньюктурасынын бекем шарты) өлкөнөн өнүгүүсүнүн жетишээрлик шарты болуп бербейт.

Товардын турмуштук цикли теориясы кеңири жайылтылып, анын тарапчылары мындай циклдин этаптарынын негизинде өлкөлөр аралык заманбап соода байланыштары түшүндүрүшү (жеке алганда, даяр болгон буюмдарды алмаштырууда) мүмкүн. Бул теориянын жалпы тезисине ылайык, продукт рынокко келгенден тартып, андан кеткенге чейин бир нече этапты (айрым адистердин пикирлери боюнча 4 же 5) өтөт. Товарлардын эл аралык жылышы турмуштук циклдин аныкталган этабына жараша өтөт.

Америкалык экономист М. Портер дагы өзүнүн версиясын сунуштаган. Дүйнөлүк экспорттун дээрлик жарымын ондогон алдыңкы индустриалдык өлкөлөрдүн компаниялардын тажрыйбаларын изилдөөнүн негизинде, улуттардын эл аралык атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү концепциясын жарыкка чыгарган[7]. Эл аралык алмашууда өлкөлөрдүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү 4 компонентин: аныкталган атаандаштык кырдаалдагы фирмалардын стратегиясы, фактордук шарт, суроо-талаптын шарты жана камсыздаган жана жакын тармактардын абалынын бири-бирине таасиринин жана өз-ара байланышы менен аныкталат. Тышкы экономикалык байланыштардын өнүгүүсү жашоодо ачык экономиканын калыптанышын талап кылды.

Ачык экономика деп экономикалык өсүп-өнүгүүнүн багытынын дүйнөлүк экономикага айкалышкан тенденциялар менен аныкталгандагы абалы аталып, ал эми тышкы экономикалык байланыш күчтөнүп, ошол эле учурда тышкы экономикалык жүгүртүлүү ушундай бир деңгээлге жетип, жалпы экономикалык өсүштү жөндөп баштайт же токтотот. [8] Тажрыйбалык көз караштан алып караганда экономиканын ачыктыгы өлкөлөрдүн дөйнөлүк чарбалык байланыштарга тартылган деңгээлин мүнөздөйт. Тышкы экономикалык жүгүртүлүүнүн деңгээли же жөндөлүп башталганда же токтогон учурда улуттук экономиканын жалпы экономикалык өсүшү 25 % ке барабар болуп эсептелинет.

---

[6]Kurihara. K.The KeisianTheoryofeconomicDevelopment[Text] / K.Kurihara. - N.Y., 1959.
[7]Michael, E. P. The Competitive Advantage of Nations [Text] / E.P.Michael. – NY.: Free Press, 1990. – 20 p.
[8]Ломакин, В.К. Дүйнөлүк экономика [Текст]: ЖОЖдор үчүн окуу китеби. 2-чыг. / В.К.Ломакин. –М.: Юнити-Дана, 2001. – 28 б.



Ачыктык деңгээлге өлкөнүн масштабы, калктын саны, ички рыноктун көлөмү, сырье менен камсыз болуусу, географиялык абалы, мамлекеттин улуттук саясатынын өзгөчөлүктөрү, тышкы экономикалык байланыштарынын мүнөзү таасир берет.

Өлкөнүн экономикасынын ачыктыгы төмөнкү көрсөткүчтөрү менен баалануусу керек: өндүрүштөгү экспорттун үлүшү, керектөөдөгү импорттун үлүшү, чет элдик инвестициялардын ички инвестицияларга карата үлүштүк көлөмү, калктын санына карата экспорттун көлөмү, тышкы соода квотасы. Маселен: Германиянын тышкы соода квотасы (ТСК) – 51%, Улуубританияда - 42%, АКШда – 17%, Жапонияда – 18% түзөт.

Эл аралык эмгектин бөлүштүрүлүшүнүн терендеши атаандаштыктын негизинде жүзөгө ашат. Атаандаштыктын негизги аргументи болуп, өлкөлөргө таандык болгон илимий потенциалдар менен технологиялык мүмкүнчүлүктөрдү салыштыруу эсептелет. Заманбап дүйнөлүк чарбанын мүнөздүү белгиси болуп, дүйнөлүк бийликтин бөлүмү эсептелет. Жыйынтыгы катарында адистештирилген өнүккөн өлкөлөрдүн илимий жана технологиялык буюмдарын (радиоэлектроника, приборлорду куруу) экспорттоону атоого болот. Өнүгүп жаткан өлкөлөргө болсо ресурстук жана кол эмгекти көбүрөөк талап кылган буюмдарды экспорттоо мүнөздүү. Бул болсо экологиялык тең салмактуулукту, ж.о.э. мономаданий сырьелук экспорттун адистештирүүлүсүн бузууга алып келет.

Дүйнөлүк чарба байланыштары дүйнөлүк соодадан башталган, башкача айтканда ал жеке тышкы соодадан баштап, узак мөөнөттөгү ири көлөмдүү соода-экономикалык шериктештикке жеткен.

Тышкы экономикалык байланыштар экономикалык категория катарында өлкөлөр аралык ресурстардын орун которууларынын негизинде пайда болгон экономикалык мамилелердин системасын айгинелейт[9]. Тышкы экономикалык байланыштардын негизги формаларына төмөнкүлөр кирет:

1. Эл аралык соода.
2. Биргелешкен иш-аракеттер жана инвестициялык байланыштар.
3. Өтө тездик менен өсүп жаткан тейлөөлөр.
4. Илимий-техникалык шериктештик жана өз-ара аракеттешүү.
5. Эл аралык капиталдын жылышы.
6. Эл аралыкэмгек миграциясы.

Заманбап доордо глобализация жана интеграция тышкы экономикалык байланыштардын сапатына жана деңгээлине өзгөчө таасир берип келбестен, айрым бир деңгээлде дүйнөлүк чарбанын бүтүндөй системасын өзгөртүп келүүдө. Заманбап шартта тышкы экономикалык байланыштар бөлөк өлкөлөр менен экономикалык шериктештикке катышып жаткан өлкөлөрдүн улуттук экономикасын динамикалуу жана туруктуу өсүшүн камсыздап жатканын күбөлөндүрөт. Дүйнө өзгөрөт, аны менен бирге бир нече ондогон жылдар бою калыптанып келе жаткан тышкы экономикалык байланыштар дагы

---

[9]Мировая экономика и международные экономические отношения[Текст]: (в 2-х частях). Ч.1 / под ред. Р.Хасбулатова. – М.: Гардарики, 2006. – 189 с.

экономикалык системага жараша өсүп-өнүгүп, такшалып жана түптөлүп туруусу кажет.

Эл аралык сооданын жана экономикалык шериктиштиктин теориясын окуп-үйрөнүүдө мамлекет жөнүндөгү бири-бирине шайкеш келбеген, б.а. заманбап рынок экономикасындагы мамлекеттин алган орду, чеги менен мамлекеттин кийлигишүүсүнүн зарылдыгы жөнүндөгү трактовкаларды байкоого болот.

Дүйнөлүк экономикалык адабияттарда XIX жана XX-кылымдарда рыноктук экономикалык системага мамлекеттин кийлигишүүсүн чагылдырган ар түркүн маанидеги ойлор айтылган. Окумуштуулардын көз караштары дүйнөлүк чарбанын өсүп-өнүгүү шарттарына жараша өзгөрүлүп турган.

XIX-XX к.к.дагы дүйнөлүк экономикалык адабиятта рыноктук экономикалык системага мамлекеттин кийлигишүүсү тууралсындагы ар кандай пикирлер айтылган. Окумуштуулардын көз карашы дүйнөлүк чарбанын өнүгүшүнүн конкреттүү шарттарына жараша дээрлик өзгөрүп турган. XXк. аягында неолиберализм саясаты дээрлик кеңири жайылтылган. Бирок XXIк. башында 2008-2009ж.ж. дүйнөлүк кризистин таасири менен мамлекеттин ээлеген ордунун актуалдуулугун өркүндөткөн кейинстик ыкмаларга үндөгөн жаңы теориялар таанылa баштайт.

Бизге маалым болгондой, тышкы-экономикалык байланыштар стихиялык рыноктук күчтөр менен жөнгөлбөшү керек. Өзгөрүлүп жаткан дүйнөдө татыктуу орун ээлөөнү көздөгөн мамлекет, көзөмөлдөө укугуна ээ болбосо дагы, тышкы-экономикалык байланыштардын калыптануу процессин жана өнүгүшүн жок дегенде байкап туруусу абзел.

Тышкы экономикалык байланыштардын ар кыл формаларынын өсүп-өнүгүүсүнө көптөгөн факторлор таасирин тийгизип келет, алардын ичинен өзгөчө факторлору болуп:

- өлкөлөрдүн режими,башкаруу жана саясий түзүлүшү башка мамлекеттер менен иш жүргүзүүдө тандоолору;
- дүйнөлүк экономиканы глобалдаштыруу;
- өлкөнүн интеграциялык биригүүлөрүнө катышуулары;
- илимий-техникалык прогресс;
- эл аралык эмгектин бөлүштүрүлүшү;
- өлкөнүн геосаясий абалы;
- улуттук экономиканын ресурстук потенциалы;
- инвестицияларга болгон муктаждык жана тышкы карыз.

Тышкы экономикалык байланыштардын багыттары жана түзүмдөрү жалпы дүйнөнүн тенденциясынын таасирине дуушар болгондо гана тышкы экономикалык байланыштар өсүп-өнүгө алат. Демек, дээрлик билим берүүнүн, илимдин, адамзаттык капиталдын мамлекетте алган орду өзгөчө мааниге ээ болууда.

Ошол эле учурда эл аралык экономикалык мамилелердин заманбап системасы XXIк. башталышына караганда кескин өзгөрүүлөргө дуушар болгонун айтып кетүү зарыл. Ошондуктан ага тартылган өлкөлөр үстөмдүк



жүргүзгөн өнүккөн «жетиликтин» «оюндарынын эрежесине» баш ийүүгө, макул болууга мажбур. Эл аралык эмгектин бөлүштүрүлүшүнөн алынган пайда бир беткей жагымдуу боло бериши мүмкүн эмес. Экономикалык жактан өнүккөн өлкөлөрдө көптөгөн экономикалык жана социалдык каршылыктар курч алганы белгиленүүдө. Бөлөк өлкөлөрдө болсо, аныкталган бир деңгээлде саясий өз алдынчалуулук солгундоодо.

**Автордун пикири боюнча Кыргызстан менен Түркиянын соода - экономика мамилелеринин теориясы** бул – социо-маданий соода-экономикалык жана стратегиялык модел. Моделдин чыгышы социо-маданий жана стратегиялык факторлор болгону менен иштеши эң көп жаңы тышкы соода моделдери менен жараша уланып келүүдө. Бул моделдин өзгөчөлүгү эки мамлекеттин ортосундагы соода-экономикалык мамилелердин дайыма социо-маданий иш чаралар менен жетиштүү деңгеелде сакталат жана экономикалык туруксуздуктар учурунда социо-маданий иш-чаралар менен көмөк берилип калыбына келтирилет. Эки өлкө ортосундагы соода жана экономикалык байланыштардын башталышы жана тез арада өнүгүшүнө билим берүү жана маданий ыктыярдуу иш аркеттердин таасири өтө чоң. Квалификация жумушчу күчүнүн пайда болушунда эң негизги фактор.

Эки мамлекеттин маданиятынын тарых, дин, тил, теги ж.б., бир болушу продукцияны тандоодо окшоштукту пайда кылат.

Эки мамлекеттин визасыз режим менен кирип-чыгуусу саясий мамилени бекемделиши сооданын өлчөмү да артат.

Эки мамлекеттин социологиялык-маданий жакындыгынан улам орток фирмалардын курулушу дагы да жеңилдейт. Туугандык мамилени бекемдейт.

Фирмалар менен бизнесмендер деңгээлинде жаңы тышкы соода экономикалык моделдери жана базар экономикасынын талап болушуна жараша кыймыл болот.

Эки өлкө ортосундагы соода экономикалык байланыштар бул мамлекеттердин ортосундагы саясий жана стратегиялык жактан колдоого алат.

Буга байланыштуу эки тараптын келишимдери, эл аралык соода уюмдарына мүчө болуусу жана өз ара келишимдер эки мамлекеттин ортосундагы соода жана экономикалык байланыштарды өнүктүрөт.


Экинчи **«Кыргыз Республикасы менен Түркиянын тышкы экономикалык байланыштарынын заманбап абалы»** бөлүмүндө Түркия менен Кыргызстандын ресурстук экономикалык жана тышкы соода потенциалынын өсүп-өнүгүүсүнүн негизги тенденциялары изилденип, Түркиянын өнүгүү моделинин өзгөчөлүктөрү айкындалып, дүйнөлүк экономикада Кыргызстандын интеграциясын жана рынокту түзүүдө социалдык-экономикалык жыйынтыктары далилденип, аталган өлкөлөр арасында соода – экономикалык байланыштардын өсүп-өнүгүүсүнүн негизги тенденциялары далилденди.

Акыркы он жылдыкта Туркия өзүнүн жеке кайрадан иштетип чыгуу өндүрүшүн түзүп, өз өлкөсүнүн кирешесин дээрлик жогорулата алды.

Түркия Республикасы жаңы негизделгенде экономикасы агрардык тармакка таянган. Бүгүнкү күнү, экономикалык көз караштa, Түркия – тейлөө кызматы тармагы, соода, индустриалдык-өндүрүш тармагы алгачкы болуп өнүккөн өлкө деп эсептелет.

Буга табигаттык-экономикалык потенциал жана өтө кылдат каралган экономикалык саясат таасир берет. 50-ж.дагы жетектеген Демократиялык партия жеке ишкердүүлүктүн приоритеттүүлүгүн жана топтоонун тышкы булактарын кеңири тартууну жарыялап чыккан. XX кылымдын өзгөчө кризистүү 80-ж. кийин экспорттоого багытталган индустриализациянын негизинде экономикалык турукташтыруу башталган. Бул болсо, аралаш экономикадан тоталдык экономикалык либерализмге өтүп, жаңы чарбалык системанын жаралышына өткөнгө мүмкүнчүлүк түзгөн.

Түрк экономикасы туруктуу болгондуктан, түрк калкынын жашоо деңгээли дагы кыйла жогорулады. Дүйнөлүк Банктын (2005-ж.) улуттук дүң кирешесинин өлкөлөр аралык бөлүштүрүү боюнча Туркия «ортодон-жогорураак» кирешелүү мамлекеттин катарына кирет. Кишинин санына болгон ИДП 2002-ж. 3,5миң АКШ долл. түзгөн болсо, бул көрсөткүч 2008-ж. 10,4 миң АКШ долл.га көтөрүлүп, глобалдуу каржы кризисинен кесепетинен 2009-ж. бул көрсөткүч 8,6 миң АКШ долл.га кемиген. Андан соң бул көрсөткүч акырындап жогорулап, 2013-ж. 10,8 миң АКШ долл.га көтөрүлгөн.(1-сүрөт)




**1-сүрөт. Кишинин санына болгон номиналдуу ИДП (АКШ долл. )[10]**

Көрсөтүлгөн динамика экономикадагы дээрлик экспорттук ориентацияга карабастан тез арада дүйнөлүк кризистин эпкинине туруштук бере алды. 2013-ж. тышкы соода жүгүртүү 403, 4 млрд. АКШ долл. түзүп, 2002-ж.га салыштырганда 4,6 эсеге жогорулады. Анын түзүмүндө экспорт 37,6% түзсө, ал эми импорт – 62,4% түздү. ИДПга карата өлкөнүн экспорттук келип түшүүлөрү 17,4%, импорт-29,0% түздү.(1-табл.). Соода балансынын сальдосу акыркы он жылдыкта терс көрсөткүчтү көрсөткөнү менен акырындап өсүп жатат (2009-ж. эсепке албаганда), бирок түрк экономисттеринин пикирлери боюнча, бул экономика үчүн өтө коопту деле эмес. 2012-2013-жж. экспортту импорт менен жабуу орточо 60-70% түзүп, тышкы соода процесстеринин бир кылкада жүрбөй жатканынан маалымат берет.

[10]Türkiye İstatistik Kurumu (TÜİK) 2014 (Түркия статистикалык мекемеси)



**1-таблица. Туркиянын тышкы соодасы (млн. АКШ долл.)**

| | 2002 | 2005 | 2008 | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Экспорт (FOB) | 36059 | 73476 | 132002 | 102129 | 113685 | 134954 | 152561 | 151700 |
| Импорт (CIF) | 51554 | 116774 | 201961 | 140921 | 185493 | 240833 | 236537 | 251650 |
| Тышкы соода жүгүртүү | 87613 | 190251 | 333963 | 243050 | 299178 | 375748 | 389006 | 403447 |
| Соода балансынын сальдосу | -15495 | -43298 | -69 59 | -38792 | -61255 | -105934 | -84083 | -99854 |
| Экспортту импорт менен жабуу, % | 69,9 | 62,9 | 65,4 | 72,5 | 61,3 | 56,0 | 64,5 | 60,3 |
| ИДПга карата экспорт, % | 15,6 | 15,3 | 17,8 | 16,5 | 16,3 | 17,4 | 19,4 | 17,4 |
| ИДПга карата импорт, % | 22,4 | 24,3 | 27,2 | 22,8 | 21,4 | 31,1 | 30,0 | 29,0 |

Туркия экономикасынын акыркы кездеги өзгөчө таасирдүү аспектиси болуп, энергия алып жүрүүчүлөрүнүн бааларынын жогорулашынан активдүү өсүү шарты байкалып, инфляция дээрлик азайган. Инфляциянын дээрлик жылдык орточо деңгээли жогоруда белгилеп кеткендей 2002-ж. башында 70% түзсө, 2010-ж. май айында 9,1% түзүп, ал эми 2013-ж. 7,4% түздү.

Жыйынтыктап жатып, төмөнкүлөргө токтоло кетсем: Түрктүк «экономикалык керемет» бул закон ченемдүү жыйынтык, мунун үстүндө чоң иш жүргүзгөн мамлекеттик органдар турат. Кыргызстан бул үчүн такшалган тажрыйбаны колдонуусу кажет. Бирок моделди тандоо – бул бар болгону багыттагы эң алкачкы кадам. Кыргызстан коомдук мамиленин жаңы системасын түзүү менен бирге институционалдык мүнөздүү өзгөртүүнүн үстүндө. Ушундан баштап Кыргызстандын өсүп-өнүгүү түзүм модели жөнүндө гана айтсак болот. Бул иштер менен алектенүү менен бирге окумуштуулар жана ишкерлер өнүккөн батыш өлкөлөрүнүн заманбап экономикасынын бутуна тургандагы тажрыйбаларын окуп – талдап, жана ошондой эле өнүгүп бара жаткан өлкөлөрдүн реформаларды өткөрүүдөгү тажрыйбаларын үйрөнүүдө.

Бирок, биздин оюбузча Борбордук Азия мамлекеттери үчүн эң бирден-бир ылайыктуусу жана натыйжалуусу болуп коомдук прогресстин Туркия варианты десек ашыкча болбос. Бир жактан алып караганда, Туркия модели – заманбап жетишкендиктердин түркүн модели. Бул моделдин фундаменталдык негизин рынок жана демократия түзөт. Экинчи жактан алып караганда, биздин өлкөлөрдө артта калуучулукту жеңген жана жеңе турган окшоштуктар байкалат. Рыноктук кайра жаралуулардын башында Кыргызстан ички союздук эмгектин бөлүштүрүү системасында индустриалдык-агрардык өлкө болгон. Көз карандысыздыкты алган соң калктын жашоо деңгээлин төмөндөткөн жана өндүрүштүн көлөмүн кескин кыскарткан системалуу өткөөл кризис пайда болду. XXI к. башында экономика турукташтырылып, экономикалык өсүштүн чекиттери пайда болду (2-табл.).

**2-таблица - Кыргызстандын экономикалык өсүшүнүн негизги көрсөткүчтөрү**

| | 1991 | 1995 | 2000 | 2005 | 2010 | 2012 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ИДП, млн. сом | - | 23,4 | 65357,9 | 100899,2 | 212177,4 | 304350,1 |
| Кишинин санына болгон ИДП (миң сом) | - | 56,1 | 13,3 | 19,6 | 40,9 | 56,9 |
| Тышкы сода жүгүртүү, млн. АКШ долл. | 737,7 | 931,2 | 1058,6 | 1862,7 | 4982,6 | 7503,9 |
| Товарларга жана тейлөөлөргө болгон керектөө баалары,% | 2132,7 | 132,1 | 109,6 | 104,9 | 119,2 | 107,5 |
| ИДПга карата мамбюджеттин кирешеси.% | 19,2 | 15,7 | 15,3 | 20,2 | 27,3 | 28,6 |
| ИДПга карата мамбюджеттин таңкыстыгы (-), % | -7,2 | -7,7 | -2,0 | 0,2 | -5,1 | - 6,6 |

Ички рыноктун өтө чоң эмес көлөмүн эсепке алуу менен мамлекеттик өкмөт ачык экономиканы түзүү- туура стратегиясын кабыл алды. 2012-ж. тышкы соодалык квота ИДПга караганда 58,0% түзүп, анын ичинде экспорттук квота- 29,8%, импорттук квота – 86,2% түздү. 1991-ж. салыштырмалуу тышкы соода жүгүртүү 2012-ж. 10,2 эсеге өсүп, 7,5 млрд. АКЩ долл. түздү. Экспортко 1, 9 млрд. АКШ долл. туура келсе, импортко -5,6 млрд. АКШ долл. туура келет. Импортту экспорт менен жабуу коэфициенти 35,2% (2011-ж – 52,6%) түзүп, өздүк өндүрүштүн өсүшү тууралуу иштер жүргүзүлгөнүнөн кабар берүүдө.

Кыргыз Республикасынын заманбап өсүп-өнүгүүсүндө экономиканын приоритеттүү тармактары өнүгүп, соода-экономикалык байланыштары ийгиликтүү өнүгүүдө. Ички коомдук саясий абалдын туруксуздугуна жана инвестициялык шарттардын оордугуна карабастан, учурда Кыргыз Республикасы дүйнө жүзүндөгү 145 өлкөлөр менен экономикалык алака түзүп келүүдө. Баса белгилей кетүүчү нерсе, КМШ өлкөлөрүнө соода операцияларынын дээрлик жарымын көбү туура келет (2012ж.- 53,5%). КМШдан бөлөк Кыргызстандын өнөктөштөрүнө Туркия, Кытай, Иран жана Германия кирет.

Кыргызстан менен Түркиянын соода-экономикалык байланыштары терендөө менен көптолуп эки өлкө ортосунда шериктештик жөнүндөгү келишим бекитилип, анын чегинде бир канчалаган макулдашуулар бекитилген, алардын ичинде денсоолукту чыңдоо максатындагы келишимди, бажылык негизги мамилелер жөнүндөгү Меморандумду, экспорт-импорт операцияларын жүргүзүү менен байланышкан, бири-бири менен болгон соода байланыштарында бажылык салыктардын жана бөлөк чыгымдардын анча катуу эмес таасирлерин камтыган соода-экономикалык шериктештиги жөнүндөгү келишимдерди атап өтсө болот. Алардын биргелешкен чөйрөсү



болуп: айыл – чарба, өндүрүш, курулуш, энергетика, транспорт, туризм, информатика жана байланыш эсептелет.

Кыргыз Республикасынын Улуттук статкомитетинин маалыматы боюнча, 2013-ж. башында республикада 368 кыргыз-түрк ишканалары болсо, алардын ичинен 268 ишканасы толук чет элдик капиталдын катышуусу менен иштеп келет.

Өндүрүш продукцияларын өндүрүүдө өзгөчө салымды «Кока-кола-Бишкек-Ботлерс» ЖАК түрктүк ишкана (ичимдиксиз суусундук продукциясын өндүрүү), «Бета Кыргызстан» АК, чай расфасофкалаган «SASA» ЖЧК, «Пластформ» (пластмасса бөтөлкөлөрүн даярдаган), «АТА» кондитердик фабрика кошуп келишет. «Бета Сторес», «Вефа», « Таш-Рабат», «Беко» соода ишканасы кеңири таанылды. «Энтес» түрктүк фирманын жардамы менен «Манас» аэропорту, Бишкек-Ош 121км. жолу реконструкцияланды.

2-сүрөттө көрсөтүлгөн маалыматтын анализи, Кыргызстан менен Туркиянын ортосундагы соода-экономикалык мамилелер акырындап өнүгүп жатканынан маалымдайт, бирок айрым бир жылдары объективдүү бир себептерден улам көрсөткүчтөр төмөндөгөн. Дээрлик деңгээлде Туркиядан импорт көбүрөөк келип, ал эми кыргыз ишканаларынан Туркияга товар экспорттоо азырынча жокко эсе.




**2-сүрөт.Кыргызстан менен Туркиянын соода балансы(млн.АКШ долл.)[11]**

Туркия билим беруу долбоорлоруна дагы дээрлик инвестициялык салым кошкондуктан, жогорку квалификациялуу адистерди даярдап чыгуу да өзүнүн нугунда. Алсак, Кыргызстанда түркиялык билим берүү жайынын бүтүндөй түйүнү түзүлгөн. Мисалы: Кыргызстанда ачылып, көпчүлүктүн алкышына арзыган Себат билим берүү мекемеси, «Манас» университетин, «Ататүрк-Ала-Тоо» эл аралык университетин атап кетүү ашыкча болбос.

Каржы чөйрөсүнүн шериктештигинин мисалы болуп эл аралык ЖАК «Демир Кыргыз Интернэшнл Банк» коммерциялык банкы эсептелет. Андан тышкары Туркия, Кыргызстандын ар кыл тармагынын өнүгүүсү үчүн насыя

[11] Türkiye İstatistik Kurumu (TÜİK) 2012 (Туркия статистикалык мекемеси)

жана грант берүүдө. Мисалы, 2012-ж. Түркия өкмөтүнүн Кыргызстанга 100 млн. АКШ долл. өлчөмүндөгү насыя жана кайтарымсыз 6 млн. АКШ долл.көлөмүндөгү грант берүү боюнча насыялык жана гранттык макулдашууларга кол койгон. Насыя 0,1% менен 20 жылга берилип, мурдакы траншты долбоорлуу колдонуу менен улам кийинки 10 млн. АКШ долл. транш берилип туруусу долбоордо каралган.Шериктештик ыкчамдык менен соода тармагында, курулушта, айыл чарбада (маш буурчакты сатууда) жүрүп жатканын эсепке алуу абзел.

Ошол эле учурда тоо-кен өндүрүшүндө, азем буюм жасоо өндүрүшүндө, энергетикада, инфра түзүү өрөөнүндө, туризм алкагында ж.б. шериктештик анчалык эмес экенин да айтып кетүү кажет.

Кыргызстан менен Түркиянын тышкы экономикалык байланыштарынын өнүгүүсү келечектүү, себеби ага эки өлкөнүн өнүгүүсүнүн узак мөөнөттүү стратегиясы багытталды.

Импортту алмаштырууда жана экспорттоого ылайыкталган өндүрүштүн учурдакы абалын баалоо менен жыйынтык чыгарууга болот. Чет элдик инвестицияларды, анын ичинен Түркиядан инвестицияларды тартууда эң негизги терс таасир берип тоскоолдук кылган факторлор алигиче кала берүүдө, атап айтсак:

- тышкы экономикалык байланышта уюштуруулуктун алсыздыгы;
- чет элдик инвестицияларды кабыл алууда кылдат иштелип чыккан программалардын жоктугу;
- рынок системасында маркетингдик иш-аракеттин алсыздыгы жана экономикалык башкаруунун натыйжалуулугунун жоктугу;
- атаандаштыкка жөндөмдүү продукцияны өндүрүүдө өндүрүштү кайрадан адистештирүүнү камтыган, натыйжалуу программалары бар ишканаларды колдоодогу насыялык саясаттын алсыздыгы;
- сапаттуу ресурстардын керек кезде жетишсиздиги, заманбап өндүрүштү уюштурууда жана ишкерлердин учурга ылайык заманбап технологияларына төп келген жабдыктардын жоктугу;
- өндүрүш продукциясын экспорттосунун өнүгүүсүндө жана кеңейтилишинде салыктардын маанисиздиги;
- стратегиялык жактан мааниси зор инвесторлорду кабыл алуудагы бюрократиялык тоскоолдуктар жана мамлекеттик төбөлдөрдүн арасындагы коррупция.

Жыйынтыктап жатып, Кыргызстандын социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрүнө оң таасир берип, соода, тейлөө кызматы, туризм, каржы системасы, кичи жана орто бизнес өнүгүп, мамлекеттик башкаруу системасы жакшыртылып жатканын айтса болот. Өлкө эл аралык эмгектин бөлүштүрүлүшүндө активдүү катышып,дүйнөлүк чарбага аралашуу менен дүйнө жүзүнүн көптөгөн өлкөлөрү менен көп тараптуу алакаларды түзүп келүүдө, бирок ага карабастан бул шериктештикте чечүүгө муктаж болгон көйгөйлөр да бар.



Үчүнчү **"Кыргызстан менен Түркиянын тышкы экономикалык байланыштарынын өсүп-өнүгүүсүнүн жакшыртылышы жана келечеги"** бөлүмүндө эки өлкөнүн экономикалык шериктештигинин механизмин калыптандыруудагы көйгөйлөр аныкталып, алардын ортосундагы тышкы экономикалык байланыштарынын өсүп-өнүгүүсүнүн татаалдыктары изилденип, мамлекеттер аралык өндүрүштүк-соода мамилелеринин тереңдешинин жана кеңейтилишин жолдору изилденип, шериктештиктен өз-ара пайда алуудагы жаралган тоскоолдуктарга туруштук берүүнүн негизги багыттары иштелип чыкты.

Учурда дүйнөлүк каржы рыногунда инвестицияга болгон суроо-талап басымдуу кылгандыктан капиталдын жетишсиздиги абдан сезилип жатат. Ошондуктан, эл аралык фирмалардын жана каржы институттардын басымдуу көпчүлүгү тигил же бул региондогу өздөрүнүн чарбалык-экономикалык иштери үчүн туруктуу «тышкы шарттарда» инвестицияларды алганга кызыкдар болушуп, экономикалык жана укуктук алкакта ишенимдүүлүккө ээ болгон инвестицияларды алууну көздөшүүдө. Кыргызстан менен Түркиянын шериктештигинин кеңири өнүгүшүнө тоскоол болгон көйгөйлөрдү атай кетсек:

Маанилүү көйгөй болуп, ишмердүүлүктөгү лицензиялоо маселесин чечүү эсептелет. Бул алкакта бир канча маңыздуу кемчиликтер бар. Аныкталган деңгээлде «Лицензиялоо жөнүндөгү» жаңы мыйзамды кабыл алуу менен жөндөлгөнү менен тажрыйбада болсо анын колдонулушу кеңейтилбестен «кууш орунда» кала берүүдө.

Экинчи көйгөй – бул техникалык жөндөө. Чет элдик инвесторлордун иштерин ыкчамдатууда жана инвестициялык климатты жакшыртуудагы бирден-бир тоскоолдуктар болуп стандарттар жана техникалык регламенттер эсептелет.Рыноктук экономиканын алкагында стандарттардын 15% - милдеттүү деп кабыл алынган, ал эми биздин республикада - 100 % стандарт милдеттүү деп эсептелет.

Үчүнчү көйгөйлүү маселе – ишкердүүлүктөгү субъектилерди текшерүү, көзөмөлдөө. Бир эле багыттагы нормалардын дал келүү процедураларын жылына бир эле жолу текшерип коюнун ордуна ушундай процесстерден айырмаланбаган текшерүү ишин жылына 8-10 жолу жүргүзүшүп, ишкерлердин айласын кетирет. Тилекке каршы текшерүүнүн санын чектөө боюнча Экономика министирлигинин жеке аракети жетишсиз.

Төртүнчү көйгөй нормативдүү укуктук актыларда каралбаган ар кандай демөөрчүлүк төлөмдөр ж.б. төлөмдөрдүн көлөмүнүн өсүшүн камтыйт.

Бешинчиден, административдик процедуралар жетишээрлик татаалдыгы көбүнчө учурда түшүнүксүз жана ачык болбой, мамлекеттик ишмерлер тарабынан кыянаттык кылууга жагымдуу катмар түзүлүүдө.

Ошондуктан, учурдакы мамлекеттик жөндөөчү – уруксат берүү системасы Кыргызстан менен Түркиянын ишканаларынын ортосундагы экономикалык байланыштардын өнүгүүсүнө чоң тоскоолдук болуп жатат деп корутундуласа болот.

Дүйнөлүк тажрыйба көрсөткөндөй, чет элдик инвестициялоонун приоритеттүү алкагы болуп, экономиканын чечүүчү тармактары камсыз кылат:

биринчиден, өлкөнүн улуттук, экономикалык жана азык-түлүк коопсуздугун;

экинчиден, өлкөдөгү калктын жашоо турмушун жана өндүрүштүк инфрструктураларын кеңейтүү үчүн аракеттенүүсүн;

үчүнчүдөн, ишкерлердин иш-аракетин жайылтуу жана кеңейтилишине, жеке капиталдын мобилдүүлүгүн жогорулатуу жана анын жеке потенциалдык мүмкүнчүлүктөрүн жүзөөгө ашыруусун;

төртүнчүдөн, салымдардын тез арада акталышына жана бир эле убакта бири-бири менен байланышкан тармактардын өнүгүүсүн;

бешинчиден, адамзаттык потенциалдын өнүгүүсүн.

Жогоруда айтылган критерийлерден улам Кыргызстандагы маанилүү мамлекеттик приориттеттерге төмөнкүлөрдү киргизсе болот: жеңил жана тамак-аш, айыл-чарба продукцияларын кайра иштетүү, жылуулук-энергетикалык инфраструктураны жана кайра өндүрүү өндүрүшүнүн тармактарын жана курулуш материалдарын жана конструкциялардын прогрессивдик түрлөрүн өндүрүү кирет.

«Учурдагы» приоритеттер узак убакытка чейин доор сүрүп келип, актуалдуулугу азыркы күнгө чейин маңыздуу болуп келген. Мындай приоритеттер өзүнө төмөнкүлөрдү: социалдык жактан коргоону, жеке тармакты калыптандырууда институционалдык булакты түзүүнү; айлана чөйрөгө болгон абалды көзөмөлдөөнү; транспорт инфраструктурасын жана суу менен камсыздоо системаларын реформалоону өнүктүрүүнү камтыйт.

Айтылып өткөндөрдөн тышкары «жаңы» приоритеттерге: энергетикалык тармактын өнүгүшү; телекоммуникация системасынын өнүгүшү; транспорт инфраструктурасынын өсүп-өнүгүүсү; жеке тармактарга ылайыктуу көлөмдүү жеңилдетилген насыя ресурстарын түзүү; айыл-чарбадагы кошумча тейлөөлөрдү камсыз кылган бир нече тармактарды өнүктүрүү кирет.

Жаңы приоритеттер – келечекке перспективдүү, сапаттуу кайра курууларды өнүктүрүүдөгү бекем кадамдар. Алар көптөгөн каражаттарды талап кылганы менен, инвестициялык агымдар анда жетишээрлик калыптана элек.

Өлкөнүн инвестициялык приоритеттерин тандоодо ар кандай варианттар колдонулат. Алардын ичинен талап боюнча негизгилер деп 2 вариант эсептелет.

Биринчи варианты – көптөгөн критерийлерге жооп берип, экономиканын өнүгүүсүндө актулдуу маселелер менен аракеттенген тармактардын багытын, чөйрөсүн кылдааттык ылгоо менен акырындап бара-бара приоритеттерди тактоо болсо, экинчи вариантта экономиканын социалдык жактан ыңгайланышуусу жана дүйнөлүк рынокто атаандаштыкка жөндөмдүүлүктүн жогорулашы, өндүрүштүн өсүп-өнүгүүсү өндүү стратегиялык мааниси зор маселелер менен көрсөтүлгөн приоритеттүү тармактарды тандоо каралат.

Мамлекеттин өнүгүүсүнүн тапшырмасы болуп, тандоо процессинде фильтрдин кызматын аткарган инвестициялык приоритеттердин тандоо критерийлерин аныктоо эсептелет.



Өлкөнүн стратегиялык өсүп-өнүгүүсүнүн тапшырмасы интегралдык критерий боюнча тандалган шарттуу приоритет болуу менен бирге, республиканын өсүп-өнүгүүсүнүн эң негизги маселесин эле камтыбастан, ар түркүн маанидеги маселелерди өзүнө камтып, ж.о.э. заманбап талаптарга жана чоочуулорго жооп берген экономиканы жөндөөнүн жакшыртылган системасын камтыйт. Жөндөө системасынын мындай механизми инвестициялык приоритеттердин өнүгүү моделинин мүнөзү менен аныкталат.

Жүргүзүлгөн анализ көрсөткөндөй, Кыргыз Республикасы үчүн чет элдик инвестицияларды тартуу мамлекеттик саясаттын орчунду бөлүгү экендигин көрүнүктүү себептерден байкаса болот, алсак: өлкөгө учурда чет элдик капитал зарыл, чет элдик инвесторлорго ылайыктуу шарт түзүп берүү кажет жана бардыгынын эң негиздүүсү болуп тиричилик рынокторуна ылайыктуу атаандаштыкка жөндөмдүү продукцияны өндүрүү талап кылынат жана чет элдик тиричилик рыногуна кирүүнү жеңилдетет.

Эгерде биргелешкен долбоорлордун катышуучуларына жергиликтүү мыйзам чыгаруунун жагымсыз жана өзгөрүлгөнүнө карабай келишимге кол койгон учурдакы мыйзамдарды Республика аткарууну милдеттенсе, шериктештик ийгиликтүү боло алат. Бул болсо түрк тарапты тынчсыздандырган көйгөйлөрдүн катарына ички абалдын аныктуу туруксуздугу жана жергиликтүү мыйзам чыгаруунун өзгөрүп турушу. Бул фактор Республикадагы инвестициялык климатка терс жагымсыз таасир берет. Бирок конкреттүү абалда анын аракети көрсөтүлгөн шарттын эсебинен четтетилмекчи.

Жыйынтыгында, чындыгында улуттук мыйзам чыгаруу системасындагы «тунук» позициялуу оюу терең өнөктөштөр Кыргызстандын эл аралык тышкы соода агымдарына кириши мүмкүн. Ири чет элдик фирмалар Кыргызстан менен мамлекеттик өкмөттүк кепилдиктин берилишинен улам кызматташтыктарын улантышууда. Мына ошондуктан, Кыргызстандын тышкы экономикалык стратегиясы тышкы сооданы жана инвестициялык режимди түзүүдө улуттук өндүрүүчүгө жана инвесторлорго ыңгайланышы - таянышы керек.

Көп өлкөлөр кеңири колдонгон, өзгөчө бажылык пошлиналарды тарифтерди, чогултууларды колдонгондугу менен айырмаланган селективдүү соода протекционизмге өтүүнү автор дагы бул эмгегинде сунуштайт.

Кыргызстандын каржы органдары дүйнөлүк тажрыйбада колдонулуп жаткан валюталык мамилелерге болгон административдик таасирлерди, алсак мамлекеттин аткаруу органдарын кошпогондо валюталык операцияларды топтоодогу мүмкүнчүлүктөрдү, импортерлор үчүн валюталык чектөөлөрдүкарап туруулары абзел. Экономикалык чараларга валютаны алмаштырууда кошумча салыктарды төлөтүү, улуттук чет элдик иш-чаралардан түшкөн пайдаларга кирешелик салыктын ар кандай салыктык ставкаларын киийрүү; чет элдик валюталар менен инвестициялоодогу резиденттер менен резидент эместердин ар түркүн жеңилдетүүлөрү ж.б. кирет.

Азыркы учурда Кыргызстанда рыноктук экономикасынын шарттары калыптанып, өсүп-өнүгүп жатканда, өлкөлөр ортосундагы тышкы кызматташтык терең жана ар тараптуу болуш керек. Аларды үзгүлтүксүз жана системалуу өнүгүүнүн жолуна багыттоо зарыл.

## ЖЫЙЫНТЫКТОО

Диссертацияда Туркия Республикасы менен Кыргыз Республикасынын соода-экономикалык байланыштарынын өсүп-өнүгүүсүнүн татаалданткан негизги көйгөйлөрү жана заманбап абалы каралган. Социалдык-экономикалык системаны трансформациялоонун шартында байланыштардын өсүп-өнүгүүсүнүн теориялык жана аналитикалык изилдөөлөрүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрү тышкы экономикалык байланыштардын тереңдешине жана жакшыртылышына бир нече жыйынтыктарды жана сунуштарды чыгара алды.

1. Өткөөл мезгилде соода экономикалык байланыштардын өсүп-өнүгүүсү деп глобализация шартында өзгөчө актуалдуулукка ээ болгон эл аралык эмгектин бөлүнүшүндө мамлекеттин катышуу жыйынтыгы аталат. Бул этапта регионалдык бирикмелердин орду жана маани-маңызы дээрлик жогорулайт.
2. Кыргызстандын экономикасынын ачык болушуна багытталган Дүйнөлүк соода уюму жана башка экономикалык уюмдардын мүчөөсү болуусун шарттаган мамлекеттин жүргүзгөн саясаты дүйнө жүзүнүн көптөгөн өлкөлөрү менен кеңири тышкы экономикалык байланыштарды жүргүзгөнгө шарт түзөт. Бул заманбап шартта республиканын ишканалары жана жеке ишкерлери товарлардын жана тейлөөлөрдүн дүйнөлүк рыногунда өзүнүн ордун тапты дегенди түшүндүрөт.
3. Туркия жаңы өнөктөш-өлкөлөрдү тышкы экономикалык тартуунун эсебинен экспортту регионалдуу диверсификациялоо саясатын активдүү жүргүзүүдө. Бул иш-аракеттер өсүп-өнүгүүнүн жалпы экспорттоого ыңгайлашкан стратегиянын бир бөлүгүн түзөт.
4. Кыргызстандагы керектүү товар жана тейлөөлөрдүн өндүрүүнүн өсүп-өнүгүүсүнүн жетишсиз деңгээли Туркия менен болгон соода-экономикалык шериктештигинин багытын көрсөтөт.
5. Кыргыз Республикасы чет элдик инвесторлорду тартууга аракет кылып, атайы жеңилдетүүлөр жөнүндөгү, чет элдик капиталды демилгелеп, кепилдик берүү жөнүндөгү, жана ошондой эле чет элдик инвестицияларды коргоо жөнүндөгү мыйзамдарды кабыл алууда жанабул мыйзамдар чет элдик инвесторлордун көлөмдүү инвестицияларына кошумча жеңилдиктерди жана кепилдиктерди берип, өздөрүнүн улуттук кызыкчылыгы эсепке алуу менен жагымдуу инвеститициялык климат түзгөнгө шарт түзүүдө .
6. Кыргызстан соода-экономикалык байланыштардын өсүп-өнүгүүсүндө өнөктөштөрүнүн алдына татаал жана масштабдуу тапшырмаларды коюп келет. Ушуга байланыштуу келечектүү деп эсептелген багыттарга көңүл бөлүп, кандай механизмдердин жардамы менен алдыга койгон максатка жетүү керектигин алдын ала тактап, мамлекеттик жана жеке түзүмдөрдүн шериктештигинин негизги принциптерин өтө кылдааттык менен бөлүп кароодо;
7. Учурда тышкы экономикалык байланыштардын тездетилиши үчүн түрк фирмаларынын инвесторлоруна ишенген мамлекеттик-жеке өнөктөштүн идеаларын жүзөөгө ашырган жана кең масштабдуу биргелешкен түзүү аркылуу өндүрүш кооперациянын (долбоорлуу шериктештик) өнүгүүсүнө өтүү зарыл. Бул Кыргызстандын жеке секторунун каржы жана өндүрүш потенциалынын толук аракетине шарт түзөт.
8. Кыргызстанда инвестициялык долбоорлорду өздүк күч менен жүзөөгө ашыруу үчүн анча чоң эмес рынок жана чектелген мүмкүнчүлүктөр болуп жатат. Ошого байланыштуу тышкы экономикалык соода байланыштар экономикалык өсүүнү экономикалык модернизациялоо аркылуу камсыз кылууну максаттаган жана экономикалык саясаттын негизги максаты катары караган Кыргызстандын өнүгүү потенциалын жүзөөгө ашырууну шарттайт.
9. Түрк инвестицияларын тартуу маданиятынын алдыңкы тажрыйбасын колдонуу үчүн ыңгайлуу мүмкүнчүлүктөр түзүлүп, керектөөчүлөргө тейлөө жакшы деңгээлде жүргүзүлүп, ири масштабда жаңы технологияларды колдонуу күчүнө кирип жатат (супермаркеттердин, мейманканалардын иштерин уюштуруу, чет өлкөлүк инвестицияларды шарттарын жеңилдетүү системасын колдонуп, тейлөө ишин жүргүзүү, курулуштун жаңы ыкмаларын колдонуу, ресторандардагы тейлөөлөр, Ысык-Көлдөгү эс алуунун жаңы ыкмаларын уюштуруу ж.б. рекреациондуу зоналарды түзүү );
10. Тышкы экономикалык байланыштардын өлкөлөр аралык биргелешкен өнүгүүнүнстратегиясын иштеп чыгууда келечектүү деп эсептелген багыттарга:
   - өлкөдөгү саясий туруктуулукту камсыз кылуу;
   - коррупция менен кылмыштуулукту кыскартуу, экпорттоо-импорттоо операцияларын бюрократизациялоо;
   - ишканаларды регистрациялоодо жана лицензиялоодо тоскоолдуктарды жоюу;
   - инвесторлордун жеке укуктарын коргоо;
   - салык мыйзамын чыгарууда жана салыктык башкарууда туруксуздукту жоюу.

Изилдөөнү жалпы жыйынтыктап жатып, баса белгилей кетсем, Кыргызстан менен Туркиянын ортосундагы тышкы экономикалык байланыштардын өсүп-өнүгүүсү жана эл аралык эмгектин бөлүштүрүлүшүнүн уламдан-улам тереңдөөсү Борбордук Азия чөлкөмүнүн гүлдөп өсүшүнө, мүчө өлкөлөрүнүн улам бир жаңы деңгээлге жогорулашына жана анын туруктуулугун камсыз кылууга өбөлгө түзөт.

## ТЕМА БОЮНЧА ЖАРЫК КӨРГӨН ЭМГЕКТЕР:

1. Челик, Б. Дүйнөлүк экономиканын глобалдуу шартындагы тышкы экономикалык байланыштар боюнча болгон теоретикалык маселелер (статья) [Текст]: эл аралык илимий-тажрыйбалык конференциясы материал боюнча «Модернизациялоо шартында экономикалык өсүп-өнүгүүнүн стратегиясы» / Б.Челик. – Б.: К. Карасаев атындагы БГУ, 2009. – Б. 56-66.
2. Челик, Б. О возможности использования в Кыргызстане турецкой модели экономического развития (статья) [Текст] / Б.Челик // Поиск. – 2010. - № 4 (2). – С.110-121.
3. Челик, Б. Экономикалык интеграциянын экономикалык байланыштардын формасы катарында көрүнүшү (статья) [Текст] / Б.Челик // Вестн.кыргызского эконом. ун-та. – 2010. - № 2(15). – С.40-51.
4. Челик, Б. Дүйнөлүк чарбанын заманбап өсүп-өнүгүүсүндө Түрк Республикасынын экономикалык саясаты (статья) [Текст] / Б.Челик // Вестн.БГУ им. К.Карасаева. – 2011. - № 1(18). – С.96-107.
5. Челик, Б. Проблемы инвестирования турецких компаний в экономику Кыргызстана (статья) [Текст] / Б.Челик // Вестн.БГУ им. К.Карасаева. – 2011. - № 2(19). – С.100-112.
6. Челик, Б. Кыргызстан менен Туркиянын өз ара тышкы экономикалык байланыштарынын өсүп өнүгүүсү (статья) [Текст] / Б.Челик // Вестн.кыргызского эконом.ун-та. – 2011. - № 1(17). – С.74-85
7. Челик, Б. Тенденции в развитии экономического сотрудничества Турции и Кыргызстана [Электронный ресурс]. – Режим доступа: интернет-журнал ВАК КР www.nakkr.org:81/journal/. – Загл.с экрана. (№ 1, 2012).
8. Челик, Б. Инвестиционные направления сотрудничества Турции и Кыргызстана [Текст] / Б.Челик // Вестн.КНУ. - Спец. выпуск . – 2012.
9. Челик, Б. Кыргызстан менен Түркиянын соода-экономикалык мамилелери [Текст] / Б.Челик. – Б.: Б-сыз, 2014. – 110 б.



**08.00.01 – экономикалык теория адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты илимий даражасын алуу үчүн «Кыргызстан менен Түркиянын соода-экономикалык мамилелерини өсүп-өнүгүүсү«темасында Билал Челиктин диссертациясына**

## РЕЗЮМЕ

**Негизги сөздөр:** Кыргыз-түрк соода-экономикалык байланыштар, эл аралык соода, ачык экономика, биргелешкен ишканалар, инвестициялар.

**Изилдөөнүн предмети**: Кыргызстан менен Туркиянын ортосундагы экономикалык шериктештиктин формалары жана келечектеги өнүгүшү.

**Изилдөөнүн объектиси:** Кыргызстан менен Туркиянын рынок экономикасынын шартындагы соода-экономикалык байланыштары.

**Изилдөөнүн максаты:** Кыргызстан менен Туркиянын ортосундагы экономикалык шериктештиктин келечекте өнүгүшүнүн негизги багыттарын аныктоо үчүн системалык анализ жүргүзүү.

**Изилдөөнүн методу:** экономикалык-статистикалык, салыштыруу, аналитикалык, графикалык жана изилдөөнүн системалык методдору. Маалыматтык базаны Кыргыз Республикасынын Улуттук статкомитетинин, Туркия статистика мекемесинин, Туркия Борбордук банкынын жана Туркиянын Бишкектеги элчилигинин материалдары, илимий басылмалардагы маалыматтар, эл аралык жана республикалык илимий тажрыйбалык конференциялардын материалдары, өздүк эсептөөлөр түзүштү.

**Алынган жыйынтыктар жана анын жаңылыгы:** дүйнөлүк экономиканын глобализациялоо шартында тышкы экономикалык факторлордун системасы аныкталды; өткөөл экономикадагы экономикалык шериктештиктин активдүүлүгүн аныктаган жалпы мыйзам ченемдүү шарттар түзүлдү; өткөөл мезгилдеги соода-экономикалык байланыштарын жүргүзүү механизми такталды; Туркия менен Кыргызстандын ортосундагы байланыштарынын өнүгүүсүнүн маанилүүлүгүн аныктаган факторлору системаланды; Туркия менен Кыргызстандын ортосундагы экономикалык мамилелердин өсүп-өнүгүүсүндөгү негизги көйгөйлөр менен тенденциялар ачыкка чыгарылды; Өнөктөш өлкөлөрдүн соода-экономикалык байланыштарынын андан-ары өнүктүрүүдөгү негизги багыттары такталды.

**Колдонуу деңгээли.** Алынган жыйынтыктар Туркия менен Кыргызстандын ортосундагы соода-экономикалык шериктештигин чындоо боюнча иш-чараларды иштеп чыгууда Кыргыз Республикасынын экономика министирлигинин иш-аракетинде жана ТИКА, Түрк Республикасынын ишмердигинде колдонулушу мүмкүн.

Илимий иштин теориялык абалдары «Тышкы соода» жана «Тышкы экономикалык өз ара мамилелерине арналган атайы курстарды өтүүдө колдонулушу мүмкүн.

**Колдонуу тармагы.** Корутундулар жана сунуштар экономикалык шериктештиктин суроолору боюнча кийинки илимий иштелмелерде колдонулуп, өнөктөш-өлкөлөрдүн мамлекеттик түзүлмөлөрдө жана ишкерлер үчүн аналитикалык материал катары колдонулушу мүмкүн.

## РЕЗЮМЕ

**диссертации Билал Челик на тему «Кыргызстан менен Туркиянын соода-экономикалык мамилелеринин өсүп-өнүгүүсү»на соискание ученой степени кандидата экономических наук по специальности 08.00.01 – экономическая теория**

**Ключевые слова**: кыргызско-турецкие торгово-экономические связи, международная торговля, открытая экономика, совместные предприятия, инвестиции.

**Предмет исследования:** формы экономического сотрудничества и перспективы их развития между Кыргызстаном и Турцией.

**Объект исследования:** торгово-экономические связи Кыргызстана и Турции в условиях формирования рыночной экономики.

**Цель исследования:** проведение системного анализа экономического сотрудничества между Кыргызстаном и Турцией для обоснования основных направлений его дальнейшего развития.

**Методы исследования**: экономико-статистический, сравнительный, аналитический, графический и системный методы исследования. Информационную базу составили материалы Нацстаткомитета КР, Турецкого учреждение статистики, Центрального банка Турции, сведения, содержащиеся в научных изданиях, материалы международных и республиканских научно-практических конференций, собственные расчеты.

**Полученные результаты и их новизна:** уточнена система внешнеэкономических факторов в условиях глобализации мировой экономики; установлены общие закономерные условия, определяющие активную роль экономического сотрудничества в трансформационной экономике; обоснован механизм осуществления торгово-экономических связей; систематизированы факторы, определяющие важность развития экономических связей между Кыргызстаном и Турцией; выявлены основные тенденции и проблемы в развитии экономических отношений между странами; дано обоснование основным направлениям дальнейшего развития торгово-экономических связей между Кыргызстаном и Турцией.

**Степень использования:** результаты могут быть использованы в работе Министерства экономики КР и ТИКА, Турции при разработке мероприятий по укреплению торгово-экономического сотрудничества Кыргызстана и Турции. Теоретические положения могут быть использованы в преподавании дисциплин «Внешняя торговля», «Внешнеэкономическая деятельность», а также спецкурсов, посвященных экономическому взаимодействию Турции и Кыргызстана.

**Область применения**: Выводы и предложения могут быть использованы для дальнейших научных разработок по вопросам экономического сотрудничества, а также служить аналитическим материалом для предпринимателей и государственных структур стран-партнеров.





## SUMMARY

**The dissertation of Bilal Chelik on the subject of «Кыргызстан менен Туркиянын соода-экономикалык мамилелеринин өсүп-өнүгүүсү» for a scientific degree of Candidate of economic sciences on speciality 08.00.01 - Economic theory**

**Keywords:** Kyrgyz-Turkish trade and economic relations, international trade, open economy, joint ventures, investments.

**Subject of research:** forms of economic cooperation and prospects of their development between Kyrgyzstan and Turkey.

**Object of study:** Kyrgyz-Turkish relations in trade and economy in the conditions of formation of market economy.

**Objective**: making up of a systematic review of the economic cooperation between Kyrgyzstan and Turkey in order to justify the main directions of its further development.

**Methods of research:** economic-statistical, comparative, analytical, graphical and system research methods. The information base includes the data provided by the National Statistical Committee of the Kyrgyz Republic, the Turkish organization of statistics, Central Bank of Turkey, data contained in scientific journals, materials of the international and republican scientific and practical conferences, own calculations.

**Obtained results and their novelty:** system of external economic factors in the context of globalization of the world economy was specified; general natural conditions of the active role of economic cooperation in the transition economy were determined; mechanism of trade and economic relations was justified; factors determining the importance of development of economic relations between Kyrgyzstan and Turkey were systematized; the main trends and problems in the development of economic relations between the countries were identified; main directions of further development of trade-economic relations between Kyrgyzstan and Turkey were justified.

Extent of use: the research results can be used in the work of the Ministry of Economy of the Kyrgyz Republic and TIKA (The Turkish International Cooperationand Development Agency) Turkey in the development of measures to strengthen trade and economic cooperation between Kyrgyzstan and Turkey. Theoretical concepts can be used in teaching the disciplines "Foreign trade", "International economic activity", as well as in teaching courses on the economic cooperation between Turkey and Kyrgyzstan.

**Scope:** Conclusions and suggestions can be used for further research on issues of economic cooperation, as well as to serve the economic material for entrepreneurs and government agencies in partner countries.

Speaking of uncertainty, it is necessary to note that it can manifest itself in different ways:
in the form of probability distributions (the distribution of a random variable is exactly known, but it is unknown what exact value it will have);
in the form of subjective probabilities (the distribution of a random variable is unknown, but probability of individual events are known and defined by an expert);
in the form of interval uncertainty (the distribution of a random variable is unknown, but we know that it can take any value within a certain interval).